# **550000** ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ **550700** МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАКАЛАВР




Мектепке чейинки билим берүүдө милдеттерге жетүүнү камсыздайт:

·балдардын дене бой жактан, психикалык саламаттыгын, алардын эмоционалдык бакубатчылыгын коргоо жана чыңдоо, атайын билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен коррекциялык-педагогикалык жардам көрсөтүү;

·балдардын курактык, жеке, жыныстык, психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келүүчү, коомдогу гендердик ролдорду бөлүштүрүүнүн патриархалдык системасын таңуулоосуз тарбиялоонун гендердик аспекттерин эске алуучу көп маданияттуу инклюзивдик чөйрөнү түзүү;

·балдарды мектепке милдеттүү даярдоо жана алардын социалдык ыңгайлашуусу;

·педагогикалык процесске карата заманбап талаптарды аныктоо;

·заманбап гендердик-сезимтал жана социалдык-инклюзивдик мамилелердин негизинде мектепке чейинки билим берүү адистеринин кесиптик деңгээлин жогорулатуу;

·мектепке чейинки билим берүү уюмдары жана мектепке чейинки курактагы балдарга билим берүү жана аларды багуу боюнча кызмат көрсөткөн жактар тарабынан иштин сапатына мониторинг жана талдоо жүргүзүү.



# **550000** ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ **550700** БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАКАЛАВР




Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери.
Педагогикалык ишмердик тармагында:

·Дүйнө таанымын өнүктүрүү жана маданий ар түрдүүлүктүн ар кандай көз караштарын кабылдоо, туруктуу өнүгүү концепциясын билүү жана түшүнүү үчүн курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билим берүү системаларын пайдалануу;

·Окутуунун заманбап, илимий негизделген технологиялары боюнча окуучулардын керектөөлөрүнө, жетишкендиктерине жараша билим берүү процессин пландаштыруу жана ишке ашыруу;

· Ар кандай инструменттерди жана критерийлери окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо пайдалануу (рефераттык маалымат билдирүүлөрдү, баяндамаларды, тезисов, эссе, портфолио, кейс-стади, ж. б.);

· Жагдайлык шартталган проблемаларды чечүү үчүн колдонмо илим-изилдөө иштерин жүзөгө ашыруу (жетекчилиги астында);

·Билим берүү программасын өз алдынча тандоо, ага дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу жана Педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде пайдалануу;

·билим берүү программасын өз алдынча тандоо, конкреттүү билим берүү процессине ылайык (жергиликтүү шарт, балдардын өзгөчөлүгү) окуу-методикалык жактан педагогикалык рефлекстин негизиндекамсыздоо;

Билим алуучулардын демократиялык коомдогу жашоодо зарыл болгон баалуулуктарга багыт алуусун:

Толеранттуулуктун атуулдук жана патриоттуулук ишенимдерин, маданият көп түрдүүлүктү, социалдык укуктарын, инклюзияны кабыл алуусун калыптандыруу.

· Билим алуучулардын ишмердигин пландоо, мониторинг жүргүзүү жана баалоо;

· Көп маданияттуу чөйрөдө ишмердүүлүк жана көп маданияттуу окутуу, тарбиялоо принциптерин ишке ашыруу;

· Билим алуучулардын өзүн-өзү аныктоо жана социалдашуу үчүн шарттарды түзүү, аларды кесипти аң-сезимдүү тандап алууга даярдоо.

·

# **550000** ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ
# **550400** СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ
# КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАКАЛАВР




Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери.
Педагогикалык ишмердик тарамындагы:

·Курчап турган айлана–чөйрө тууралуу илимий билимдердин системасын пайдалануу, маданий ар түрдүүлүк боюнча ар кыл көз караштарды кабыл алуу, туруктуу өнүгүү концепциясын билүү жана түшүнүү.

·Окутуунун илимий жактан негизделген заманбап технологиясын окуучулардын жетишкендиктерине жана талабына ылайык пландаштыруу жана ишке ашыруу.

·Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо ар кыл инструменттерди жана мерчемдерди пайдалануу (рефераттык билдирүү, докладдар, тезистер, эссе, портфолио, кейс этаптары).

·Окутууну пландаштырууну демократиялык коомдун жетишкендиктеринин негизинде студенттердин ишмердигин текшерүү жана баалоо: инклюзия, маданий көп түрдүүлүк, социалдык укук.

· Студенттердин коомго ыңгайлануусуна, кесибин өзү аныктоосуна жана аң сезимдүүлүк менен адистикти тандоосуна даяр кылуучу шарттарды түзүү;

·Студенттерде ой жүгүртүү, өзүнө баа берүү жана өз алдынча өнүгүү жөндөмдөрүн калыптандыруу.



# 570600 КИТЕПКАНА ТААНУУ ЖАНА ДОКУМЕНТ ТААНУУ БАГЫТЫ КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАКАЛАВР




Китепкана таануу жана документ таануу даярдоо багыты боюнча ЖКББ
НББП тарбиялоо жаатындагы максаты – студенттердин социалдык жана жеке
инсандык сапаттарын: максаттуулугун, уюшкандыгын, эмгекчилдигин,
жоопкерчилигин, атуулдугун, коммуникативдүүлүгүн, толеранттуулугун
калыптандыруу жана жалпы маданиятын жогорулатуу.
Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү
570600 – Китепкана таануу жана документ таануу даярдоо багыты боюнча
бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт:
маалыматтык-китепканалык теорияны; китепканалык-маалыматтык
башкаруунун ресурстары; китепканалык-маалыматтык иштин системалуу
талдоо; китепканалык-маалыматтык кадрларды окутуу жагындагы илимий-
изилдөөлөр, документ менен иштөө жана архив таануу; уюштуруу, сактоо,
эсепке алуу, комплекттөө, баалуулугун экспертизалоо, маалымдама-издөө
каражаттарын пайдалануу жана Кыргыз Республикасынын улуттук Архив
фондунун архивдик документтерди колдонуу.
Бүтүрүүчүлөр билим деңгээли жана алган компетенциялары кызматкердин
квалификациясына коюлган талаптарга ылайык келген шартта, кесиптик
ишмердүүлүгүн башка тармактарда жана (же) чөйрөлөрдө жүргүзө алышат.

# **580200** МЕНЕДЖМЕНТ БАГЫТЫ КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАКАЛАВР




580200 Менеджмент; даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик
ишмердүүлүгүнүн объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:
мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун бийлик органдары;
- бүтүрүүчүлөр өз бизнесин түзүп жана өнүктүрүп жаткан ишкерлер болгон
структуралар;
билим берүү мекемелери, башталгыч кесиптик, орто кесиптик, жогорку
кесиптик жана кошумча кесиптик билим берүү мекемелери.
Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:
- уюштуруучулук-башкаруучулук;
- маалыматтык-аналитикалык;
- илимий-изилдөөчүлүк;
- аткаруучулук;
- өндүрүштүк-технологиялык;
- ишкердик.



# 550300 ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРУУ КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАКАЛАВР




Филологиялык билим берүү багыты боюнча чөйрөсү төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: билим берүү, коомдук жана илимий чөйрө.

Бүтүрүүчүлөр кесиптик ишмердигин башка тармактарда жана кесиптик ишмердик чөйрөлөрүндө алардын билиминин жана алган компетенцияларынын деңгээли кызматкердин квалификациясынын талаптарына туура келген шартта гана ишке ашыра алышат.

Филологиялык билим берүү багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери төмөнкүлөр: билим берүү процесси, билим берүү чөйрөсү, окуучулардын ишмердүүлүгү жана жеке педагогикалык ишмердүүлүк.

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:

- педагогикалык;
- уюштуруу-башкаруучулук;
- кесиптик өнүгүү.

